**12.00.01 - укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасында жазылган диссертациясына биринчи оппоненттин**

# ПИКИРИ

## 1. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.

Кыргызстандын коомдук жашоосунун түрдүү чөйрөлөрүндө орун алган социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр социалдык корголбогондукка шарт түзүп, аны менен биргеликте жаштардын асоциалдык жүрүм туруму менен байланышкан көйгөйлөрдү, алардын алсыз коомдук адаптациясын, имараттарды, курулуштарды, тарыхтын, маданияттын эстеликтерин негизсиз кордоодо, коомдук адептүүлүктү акарат кылган сүрөттоо жана башка жолдор менен жасалган аракеттерде, жана ошондой эле транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу, материалдык-маданий баалуулуктарды бузууда чагылдырылган ачуулукту жана нараазычылыкты ачыктады.

Бүгүнкү мезгилде вандализм коомдук кооптуу көрүнүш катары биздин коомдо уланып келгендигин жана жазык жоопкерчилиги тууралуу мыйзамчыгаруучулугунда жоопкерчиликтин камтылгандыгына карабастан зыянын тийгизгендиги белгилеп кетүү зарыл. Вандализмдин кесепеттери материалдык зыянында гана эмес, ошондой эле социалдык чыңалууларда да байкалып келет. Жашы жетелектердин жана жаштардын арасында бул кылмыштык аракеттердин жайылгандыгын жана ошондой эле бул аракеттердин жайылуусунун жаңы формаларынын жана ыкмаларынын пайда болуусун эске алуу менен аларды алдын алуучу чараларды жасоо керек. Ошондуктан мамлекеттик органдардын, коомдук жана бей өкмөттүк уюмдардын, жана ошондой эле жарандардын ишмердүүлүгүнүн башкы багыты болуп вандализмди алдын алуу эсептелет.

Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан соттук укуктук реформа кылмыштарды алдын алуунун мамлекеттик саясатынын негиздерин түздү. Мамлекеттин укуктук системаны бекемдөө, моралдык адептик тарбиялоо, вандализм менен байланышкан коомдук кооптуу аракеттерди жасоого алып келген, социалдык негативдик факторлорду жокко чыгарган, өзүн өзү өнүктүрүү жана жеке өсүү үчүн шарттарды түзүү боюнча аракеттери жетишсиз. Вандализмди алдын алуу системасы менен негативдик белгилерди курган коомдун бардык чөйрөлөрүн өзүнө камтыйт.

Жогоруда айтылган диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун жана алынган жыйынтыктардын теоретикалык практикалык маанилүүлүгүн тастыктайт.

ВХОДЯЩИЙ №: 112
«12» 11 2021 г.

**2. Диссертацияларга коюлган талаптардын алкагында чыгарылган илимий корутундулар.**

Коргоого чыгарылуучу жоболордо камтылган, теориялык жыйынтыктардын төмөнкүлөрү иште сунушталат:

**1-жыйынтык.** Коомдук кооптуулук вандализмдин социалдык маңызы катары түрдүү факторлордун таасири астында инсандын калыптануу процессинде куралган ички деструктивдик багыттамалардан көз карандылыгы тууралуу негизделген тыянак. Ошону менен биргеликте, негативдик мамилени билдирүү менен, өзүн өзү бекитүүнү каалоо менен, укук бузуунун оор көрүнүштөрүнө айлана турган өзү кабыл алган антисоциалдык аракеттерин демонстрациялоо менен, өзүнүн агрессиясын жалпы колдонуудагы мүлктүн жана буюмдардын маанисиз бузулуусуна, кордолуусуна же тарыхый маданий эстеликтердин бузулуусуна багыттап, анын натыйжасында мүлктүк мамилелерге зыян тийгидүү түрүндөгү коомдук кооптуу кесепеттер орун алуусу мүмкүн.

**2-жыйынтык.** Жасалган изилдөө бирөөнүн мүлкүн бузуу жана ага зыян тийгизүү менен байланышкан анти коомдук аракеттер узак мезгилдеги тарых ичинде мамлекеттин өнүгүүсүнүн түрдүү мезгилдеринде тергөөчүлүк укуктук тажрыйбада коллизиялык абалдарды түзүү менен кылмыштардын чектеш курамдарынын мазмунунда бул аракеттердин белгилеринин бекитилгендигине байланыштуу түрдүү укуктук баалоого жана квалификацияланууга ээ болгондугун көрсөттү. Кыргыз Республикасынын мыйзамчыгаруучулугунун өнүгүүсү жазык мыйзамынын түзүмүндө вандализмдин бирдиктүү курамына мүлктүн кордолуусу жана бузулуусу үчүн жазык жоопкерчилигин кошкон жобону иштеп чыгууга шарт түздү жана бүгүнкү күндө бул норманын предметтеринин тизмесин кеңейтүү жолу менен андан аркы жакшыртылуусу аткарылууда.

**3-жыйынтык.** Көптогөн өлкөлөрдү вандализм менен байланышкан аракеттердин жайылгандыгы жана ошондой эле жогорку латенттүүлүгүнүн мүнөзү боюнча вандализмге жакын болгон коомдук кооптуу аракеттерге мыйзамчыгаруучулук менен тыюу салууга жана ал үчүн жоопкерчиликти жазык мыйзамчыгаруучулугунун өз алдынча нормасында жана бир нече беренелеринде имараттардын жана курулуштардын булгоо, коомдук транспортто же башка коомдук жайларда мүлктү бузуу жана кол салуунун предметинин тизмеси, жана ошондой эле жогорку көңүлдүн жана мамлекет тарабынан бул анти коомдук көрүнүшкө алдын алуу чараларын кабыл алуунун зарылдыгын тастыктаган жазанын чаралары менен айырмалаган башка курамдардын камтылуусу үчүн мүмкүнчүлүк жараткандыгы тууралуу теоретикалык тезис.

**4-жыйынтык.** Вандализм тууралуу маалыматтын так эместиги анын латенттүлүгүнүн себебинен мамлекеттик, муниципалдык жана жеке болгон менчиктин формаларына коомдук транспортто жана башка жайларда мүлктү бузуу, имараттарды, курулуштарды, тарыхый маданий эстеликтерди бузууга

багытталган жасалып жаткан укукка каршы аракеттердин алдындагы бул аракеттердин реалдуу масштабын тастыктабагандыгы тууралуу тыянак аргументтелген, бирок ошол эле учурда ал мамлекеттик органдар, коомдук жана бей өкмөттүк уюмдар, жарандар тарабынан каршылык көрсөтүүнүн натыйжалуу чараларын өз убагында жана биргеликте иштелүүсүн талап кылган кол салуунун кооптуу формаларына айлануу перспективасына ээ болгон туура жолдон кайтарган жүрүм турумдун бузуучулук белгилерине көрсөтөт.

**5-жыйынтык.** Вандализм социалдык көрүнүш катары коомдогу толкундануууларга жооп бергендиги жана протест белгиси катары коомдук тынчтыктын жана укуктук тартиптин түрдүү бузулууларында байкалгандыгы аныкталган. Коомдук тартипти камсыз кылуунун көйгойлөрү коомдук мамилелердин стабилдүүлүк абалы, инсандын социалдык укуктук корголгондугу, мыйзамдуулук менен тыгыз байланышта болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Коомдук мамилелер чөйрөсүндө жасалган вандалдык аракеттер кылмыштык аракеттер катары жалпы эрежелерден сырткары, анткени мыйзам менен каралган нормаларды бузат. Ошол эле учурда социалдык, социалдык психологиялык жана психикалык көз караш менен каралган күнөөлүүлөрдүн бул аракеттери мыйзамчыгаруучулук нормалары менен гана эч качан камтылып кетпейт. Ошол себеп менен вандализмдин гана эмес, ошондой эле ага коштош болгон социалдык көйгөйлордүн, бул социалдык феномендин коомдук мамилелерин изилдөөнүн маанилүүлүгү аныкталат.

**6-жыйынтык.** Вандализмге мүнөздүү болгон аны коомдук мүлккө зыян тийгизген аракеттердин жасалуусунун ыкмасы, интенсивдүүлүгү, узактыгы менен чектөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн өзгөчөлүктөрдүн жасалган изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталгандыгы негизделген. Предметтин (имарат же курулуштар, коомдук транспортто жана башка жайлардагы мүлк) вандализмдин милдеттүү белгиси болгондугу белгиленет. Аракеттин жүрүшүндө мүлккө зыяны тийип, жыйынтыгында мүлктүн сапаттык абалы жана пайдалуулугу начарлагандыгы менен мүнөздөлгөн кылмыштын жасалуусунун механизми өзгөчө. Ошону менен биргеликте, мүлктүк мамилелерге зыянын тийгизүү факты күнөөлүүнүн аракеттеринде бул аракеттердин белгилерин аныктоочу критерий болуп саналат.

**3. Диссертацияда туюндурулган илимий жыйынтыктардын (илимий жоболордун), тыянактардын жана корутундулардын негизделүү деңгээли жана ишенимдүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөнүн автору тарабынан ченемдик материалды жана окуу адабияттарын ар тараптан иштеп чыгуусунун негизинде берилген теориялык жоболор кеңири теориялык базага талдоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган практикалык тыянактар азыркы илимдеги Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамчыгаруучулугуна анын андан аркы жакшыртылуусу үчүн

өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү максатында колдонулуусунун мүмкүн болгондугу менен аныкталат. Мунун бардыгы изилдөөнүн максатына жеткендигин күбөлөндүрөт жана аны ата мекендик илимдин өнүгүшүнө кошкон толук кандуу салымы катары кароого жол берет.

Автор тарабынан чыгарылган жыйынтыктардын, тыянактардын жана корутундулардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү төмөнкүлөр аркылуу тастыкталат:

Биринчиден, изилдөө юридика илимдеринин фундаменталдуу жоболоруна негизделет. Алынган жыйынтыктардын, тыянактардын жана корутундулардын илимий негизделиши кеңири теориялык жана ченемдик материалга ар тараптуу жана терең талдоо жүргүзүү менен камсыздалат.

Экинчиден, диссертациялык иште чет өлкөлүк авторлордун илимий иштелмелерин пайдалануусу, ошондой эле диссертациялык изилдөөдө Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук базасын, сот тажрыйбасын колдонуусу.

Үчүнчүдөн, чет өлкөлүк илимий басылмаларда илимий макала түрүндө изилдөөнүн жоболору жана жыйынтыктарынын жарык көрүшү.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда туюндурган ар бир илимий жыйынтыгынын (жобосунун), тыянагынын жана корутундусунун жаңычылдык деңгээли.**

**Диссертациялык иштин илимий жацылыгы** анда биринчи жолу монографиялык деңгээлде аз изилденген коомдук кооптуу аракетти түзгөн вандализимдин комплекстик теоретикалык укуктук талдануусу жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн изилдөө процессинде вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун өнүгүүсүнүн ретроспективалык талдоосу жүргүзүлүп, эл аралык укуктук аспектиде вандализимди алдын алууну жана аны менен күрөшүүнүн жөнгө салынуусунун суроолору каралып, вандализимдин алдын алуудагы эл аралык кызматташтыктын жана анын механизмдеринин талдоосу жүргүзүлүп, вандализимге каршылык көрсөтүүнүн укуктук механизмин жакшыртуунун көйгөйлөрү каралгандыгы жана ошондой изилденип жаткан көйгөй боюнча тыянактардын жана сунуштардын иштелип чыккандыгы менен түшүндүрүлөт.

Ар бир алынган жыйынтык, тыянак жана корутундунун жаңычылдык деңгээли төмөнкүдөй түрдө аныкталышы мүмкүн:

**1-жыйынтык. Жаңы,** себеби автор өлкөдөгү орун алган негативдүү социалдык-экономикалык, саясий жана идеологиялык процесстер коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштардын, анын ичинде вандализмдин, санынын өсүүсүн чакырган салттуу эмес детерминанттардын пайда болуусуна түрткү жаратып, социалдык көрүнүш катары коомдогу өзгөрүүлөргө жооп берип, коомдун тынчтыгынын жана укуктук тартибинин түрдүү бузулуу формасында болуусу мүмкүн. Бүгүнкү мезгилде күчөп келе жаткан тарыхый маданий эстеликтерди булгоо, транспортто жана башка

коомдук жайларда мүлктү бузуу менен байланышкан мындай аракеттердин социалдык кооптуулугу акыркы жылдары коом тарабынан активдүү талкууга дуушар болгон адамдын бузуучу аракеттеринин формасынын бири болуп саналат, анткени жазык мыйзамы менен корголгон коомдук мамилелерге зыян тийгизүүнү өзүнө камтыйт турган теоретикалык тыянак.

**2-жыйынтык. Жаңы,** себеби вандализм үчүн жоопкерчилик тууралуу мыйзамчыгаруучулуктун өнүгүүсүнүн жүргүзүлгөн ретроспективалык анализи вандализм түшүнүгүнүн жоктугу мамлекеттин жана укуктун калыптануусунун тарыхый этаптары менен байланышкандыгын көрсөттү. Ошол эле учурда, түрдүү мезгилдеги ченемдик актыларда бир катар беренелердин иштелип чыгуусунун татаалдыгына карабастан, мүлктүн бузулуусу, булгануусу менен байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчилик камтылып, кол салуунун объектисинин түшүнүгүнүн жоктугуна байланыштуу окшош курамдуу түрдүү нормаларда камтылганы тууралуу теоретикалык тыянак.

**3-жыйынтык. Жаңы,** анткени Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамчыгаруучулугунда вандализм түзүмү салыштырмалуу жаңы болуп саналат, анткени вандализм курамына кирген аракеттер окшош курамдарда болгондугуна байланыштуу узак убакытта ЖКнын түрдүү беренелери менен квалификацияланат. Ошондуктан, бул курамга кирген суроолор, анын элементтери, кылмыштын предмети түрдүү ой пикирилерди, бирдей эмес көз караштарды жаратат экендиги тууралуу тыянак.

**4-жыйынтык. Жаңы,** себеби инсандын деформациясына алып келген социалдык экономикалык чыңалуунун курчугандыгы, адептик руханий, билим берүү маданий жана тарбиялык иштердеги кемчиликтер орун алган заманбап коомдун көйгөйлөрү жаштардын деструктивдүү аракеттеринде байкала баштап, социалдашуунун субъектилери тарабынан көзөмөлдүн жетишсиздигинин шарттарында оордошуп, бузуучу, антикоомдук аракеттердин түрдүү формаларына ээ боло баштаган, тууралуу, теоретикалык тезис.

**5-жыйынтык. Жаңы,** вандализм менен байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчиликтин чет өлкөлүк жөнгө салуусунун тажрыйбасы чет өлкөлүк нормаларда күнөөлүүлөрдүн жасагана аракеттеринин чогултулган аныктамаларын колдонгондугун, кол салуунун предметинин ачыктагандыгын көрсөтүп, бул аракеттердин тереңирээк негизделүүсүн талап кылат. Вандализм менен байланышкан азыркы мезгилдеги аракеттер коомдук тартип чөйрөсүндөгү мыйзам менен корголгон коомдук мамилелерге зыян тийгизүүгө багытталган адамдын мотивделген агрессивдик деструктивдик коомдук кооптуу аракеттерди түзө турган теоретикалык тыянак.

**6-жыйынтык. Жаңы,** вандализм бардык кооптуу аракеттер сыяктуу коомдун натыйжасы болуп, тарыхый өзгөрүүсү болуп саналып, анын саясий, социалдык экономикалык жана маданий адептик жашоосунда орун алган процесстерден жана көрүнүштөрдүн көз каранды болуп, адамдын

жашоосунун конкреттүү субъективдүү жагдайлары менен өз ара байланышта болуп, коомдук тартип чөйрөсүндөгү корголуп жаткан коомдук мамилелерге зыянын тийгизет. Бул аракеттер соціалдык жашоонун жана ишмердүүлүктүн коомдук кооптуу натыйжасы болуп саналып, коомго зыянын тийгизет жана кылмыштуулуктун үстүнөн көзөмөл жүргүзүүнүн жыйынтыктарын шарттаган жана ага коом жетиштүү түрдө ээ болгон социалдык чаралардын колдонулуусун көзөмөл талап кылаары аргументтелген.

**5. Илимий жыйынтыктардын теория жана практика үчүн мааниси, диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын пайдаланылышы жөнүндө сунуштар.**

Диссертациялык иштин практикалык мааниси изилдөөнүн жүрүшүндө вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилерин комплекстик талдоого багытталган жана тыянактарды жана сунуштамаларды иштеп чыгуу менен түшүндүрүлөт. Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган иштеп жаткан мыйзамчыгаруучулуктун нормаларын жакшыртууда, юридикалык жождордо жана факультеттерде окуу процессинде пайдалуу болгондугу менен аныкталат.

**6. Изденүүчү тарабынан тийиштүү актуалдуу көйгөйдү чечүүнүн жыйынтыктарынын, теориялык же колдонмо милдеттеринин багытталышы.**

Диссертация вандализм менен күрөшүүнүн теоретикалык-укуктук негиздерине арналган, аякталган илимий изилдөөнү билдирет. Методологиялык негиз изилдөөнүн жаңы методдорунун колдонулушу жөнүндө, иштин жогорку сапатын, актуалдуулугун, анын теориялык жана практикалык маанисин, анын жыйынтыктарынын, тыянактарынын жана корутундуларынын ишенимдүүлүгүн жана негизделегендигин күбөлөндүрөт.

Сунушталган диссертациялык иш бүтүндөй юридика илимин, анын ичинде мамлекет жана укуктун теориясын да жана тарыхын дагы андан ары өнүктүрүүгө багытталган жаңы илимий багытты билдирет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары укук жаратуу жана укук колдонуу процесстеринде, “Мамлекет жана укуктун тарыхы”, “Мамлекеттин тарыхы жана Кыргызстандын укугу”, “Мамлекеттин жана укуктун теориясы”, «Жазык укугу», «Укук бузууларды алдын алуу» курстарынын тийиштүү бөлүктөрүн окууда жана башка айкалыша келген сабактарда колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну, тыянактары жана жыйынтыктары мамлекеттин тарыхы жана Кыргызстандын укугу илимдеринин тийиштүү бөлүктөрүн толукташат жана укуктун теориясы, азыркы укукту өнүктүрүү, өткөөл мезгилдеги укуктун тутумун өзгөртүүнүн фундаменталдуу көйгөйлөрүн иштеп чыгууда илимий-изилдөөчүлүк иште пайдаланылышы мүмкүн.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана тыянактарынын басылмаларда тастыктоо.**

Диссертациялык изилдөөдө берилген негизги жоболор, диссертацияда чыгарылган жыйынтыктар жана корутундулар изденүүчүнүн 10 илимий макалаларында чагылдырылган, ар кандай эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жана тегерек үстөлдөрдө баяндалган.

1. **Сулайманова, А.Э.** Вандализмдин коомго коркунучтуулугу жөнүндө. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Международный теоретический и научно-практический журнал. – 2017, №3 (18). С. 478-481.
2. **Сулайманова, А.Э.** К вопросу о профилактике вандализма. [Текст] / А.Э.Сулайманова, Г.Абдикерим кызы, Т.Жоробеков // Тенденции развития науки и образования. Научный журнал. - 2018. – Самара, 2018. Ч.1. № 43. С.60-63.
3. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм үчүн жоопкерчилик жөнүндө суроо туралуу. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – 2017. - № 3. С.72-75.
4. **Сулайманова, А.Э.** Вандализмдин бүгүнкү көйгөйлөрү. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – 2017. - № 3. С.91-95.
5. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм и его отличие от иных смежных составов преступлений по уголовному законодательству Кыргызской Республики. [Текст] / А.Э. Сулайманова, Г.Абдикерим кызы, Т.Жоробеков // Тенденции развития науки и образования. Научный журнал. - 2018. – Самара, 2018. Ч.1. № 43. С. 63-66.
6. **Сулайманова, А.Э.** Об анализе объективных и субъективных признаков вандализма. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – Бишкек, 2016, №3. С.85-88.
7. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм адамдын кыйратуучу кыймыл-аракетинин бир формасы катары. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Вестник Академии МВД КР. – Бишкек, 2017. №4.
8. **Сулайманова, А.Э.** Вандализм түшүнүгүнүн пайда болуусун изилдөө. [Текст] / А.Э. Сулайманова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Международный теоретический и научно-практический журнал. – 2017, №3 (18). С. 482-485.
9. **Сулайманова, А.Э.** Понятие вандализма по законодательству отдельных зарубежных государств. [Текст] / А.Э. Сулайманова, Г.Абдикерим кызы, А. Эрматова // Евразийское научное объединение. – Москва, 2020. – № 9(67). С.283-285.
10. **Сулайманова, А.Э.** К вопросу о понятии вандализма в законодательстве Кыргызской Республике. [Текст] / А.Э. Сулайманова, А. Эрматова // Евразийское научное объединение. – Москва, 2020. – № 9(67). С.285-287.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын автореферат толугу менен диссертацияга туура келет, анын негизги жоболорун чагылдырат, Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссия бекиткен талаптарына толугу менен дал келет.

Анда коргоого чыгарылуучу иштин максаты, милдети, жоболору, ошондой эле диссертациялык ишти жазуу процессинде алынган тыянактар чагылдырылган.

Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмени камтыйт.

**9. Диссертациянын мазмуну жана тариздедиши боюнча кемчиликтер.**

Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын диссертациялык иши жалпысынан оң бааланат, айрым кемчиликтерин жана талаштуу учурларын көрсөтө кетүү зарыл:

1. Вандализмдин убакыттын өтүүсү менен коомдо басымдуулук кылган социалдык процесстерге ылайык белгилүү динамиканы аныктагандыгына жана түрүн өзгөрткөндүгүнө жетиштүү басым жасалган эмес.
2. Кылмыштык кесепеттердин коомдук кооптуулугунун көрсөткүчтөрүнүн алардын фактылык зыяндуулугунун көз карандысыздыгы жетиштүү түрдө ыраатуу каралган эмес.

Жалпысынан алганда, аталган эскертүүлөр өтө эле эмгектин баасын төмөндөтпөйт, иш жалпысынан оң бааланат, ал эми жогоруда айтылган эскертүүлөр сунуштоочулук мүнөзгө гана ээ.

**10. Диссертациянын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө" жобого ылайык келиши.**

Жыйынтыгында, Сулайманова Айнура Эртабылдыевнанын «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасында жазылган диссертациясы жогорку илимий-теориялык деңгээлде аткарылгандыгын, практикалык жактан баалуу экендигин, илимий жацычылдыктын керектүү элементтерин жана теориялык жана практикалык сунуштардын бир катар негиздүү жана терең теориялык тыянак чыгарууларды камтый тургандыгын белгилей кетүү керек.

Сулайманова Айнура Эртабылдыевна 12.00.01 - укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталып, «Вандализмдин тарыхый-укуктук аспектилери» темасында жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө" жобосунун талаптарына толугу менен жооп берет, ал эми анын автору Сулайманова Айнура Эртабылдыевна

12.00.01 - укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча изделген юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга арзыйт.

**Кыргызстан Эл аралык университетинин камкордук кенешинин төрагасынын орун басары юридика илимдеринин доктору, профессор** **Асаналиев Т.А.**

Кадрлар бөлүмү Отдел кадров

**Колун бекитем:**